**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2023, 35-41

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2023_2_5

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕК АРА МАСЕЛЕЛЕРИ (БАРАК ЭКСКЛАВЫ)

ПОГРАНИЧНЫЕ ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (БАРАКСКИЙ ЭКСКЛАВ)

BORDER ISSUES OF THE KYRGYZ REPUBLIC (BARAK EXCLAVE)

**Сатыбалдиев Байсал Салиевич**
*Сатыбалдиев Байсал Салиевич*
*Satybaldiev Baisal Salievich*

**к.г.н., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.г.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Geological Sciences, Associate Professor, Osh State University*
bsatybaldyev08@gmail.ru

---

**Токтосунов Жумаш**
*Токтосунов Жумаш*
*Toktosunov Zhumash*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Преподователь, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

---

**Шаимкулова Роза Раимбердиевна**
*Шаимкулова Роза Раимбердиевна*
*Shaimkulova Roza Raimberdievna*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподователь, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕК АРА МАСЕЛЕЛЕРИ (БАРАК ЭКСКЛАВЫ)

**Аннотация**

Илимий макалада Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки чек ара маселелери жана анклавтын актуалдуу көйгөйлөрү каралат. Барак эксклавына байланыштуу чек ара көйгөйлөрү алардын пайда болуусу жана аларды чечүү жолдору талкууланат.

***Ачкыч сөздөр:*** чек ара, анклав, табыгый чек ара, тарыхый аймак, чек ара кызматташтыгы, айыл чарбасы.

## *ПОГРАНИЧНЫЕ ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (БАРАКСКИЙ ЭКСКЛАВ)*

**Аннотация**

В научной статье рассматриваются пограничные вопросы и актуальные проблемы анклава после обретения независимости Кыргызской Республики. Будут обсуждаться возникновение пограничных проблем, связанных с эксклавом Барак, и пути их решения.

***Ключевые слова:*** граница, анклав, историческая граница, пограничное сотрудничество, сельское хозяйство.

## *BORDER ISSUES OF THE KYRGYZ REPUBLIC (BARAK EXCLAVE)*

**Abstract**

The scientific article deals with border issues and current problems of the enclave after the independence of the Kyrgyz Republic. The emergence of border problems associated with the Barak exclave and ways to solve them will be discussed.

***Keywords:*** border, enclave, historical border, border cooperation, agriculture.

Фергана өрөөнүндөгү жаңжалдарынын көпчүлүгү Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан өлкөлөрүнүн ортосунда болуп келүүдө. Анткени, аталган мамлекеттер бири-бирине өтө эле чырмалышып жайланышкан. Чек аралар географиялык, геометриялык, табигый жактан так, даана бөлүнгөн эмес.

Мамлекеттер ортосундагы чек аралар тарыхый мезгил ичинде, анклавтардын пайда болуусун шарттаган. Фергана өрөөнүндөгү сегиз анклавдын көпчүлүгү Кыргызстанда жайгашкан. Биздин мамлекетте жалпысынан алты, мунун ичинде Өзбекстанга тиешелүү төрт, Тажикстанга таандык эки анклав жайгашкан. Алардын эң чоңу-Тажикстандын Согдий облусуна караштуу Ворух анклавы. Ворух анклавы менен Баткен облусунун Ак-Сай айылынын тургундары менен аскерлеринин ортосунда соңку мезгилде көптөгөн чыр-чатактык (согуштук) аракеттер болуп келүүдө [1, 3].

Кыргызстандын ичинде Өзбекстандын Сох, Чоң кара, Кайрагач жана Шахимардан анклавдары орун алган. Ал эми Өзбекстанда Кыргызстандын Кара-Суу районуна караштуу Барак эксклавы жайгашкан. Бирок, Барак анклавы эки өлкөнүн тең картасында көрсөтүлбөй келет. Мындан сырткары эки тараптуу келишимди одоно түрдө бузуп, Өзбекстан Сох анклавына аскердик күчтөрүн да жайгаштырган. Бириккен Улуттар Уюмунун уставына ылайык эл аралык келишимдердин негизинде анклавдардын ичине аскердик күчтөрдү жайгаштырууга тыюу салынган. Мындай аракет-коңшу мамлекетке ачык согуш жарыялоо менен барабар.

Акыркы мезгилде чек аралардын бир тараптуу жабылышы, аймакта тыгыз отурукташкан, күнүмдүк оокат-тиричилиги бири-бирине бекем чиеленишкен кыргыз, өзбек жана тажик элине олуттуу кыйынчылыктарды жаратып келет. Мындан тышкары Кыргызстандын Өзбекстанда жайгашкан Барак эксклавы биздин өлкөгө тиешелүү болуп, анын пайда болуусу бир нече факторлорго байланыштуу [1, 4, 6]. Илимий макалада Барак эксклавынын пайда болуусу, анда жер иштетүү (антропогендик ландшафттын) күч алуусу менен байланышын илимий жактан карайбыз.

«Барак» айылы Ак-Таш айылынын батыш тарабында, Ак-Таш айыл өкмөтүнө караштуу КРнын эксклавы орун алган. Эксклавдын жалпы аянты 220 гектарды түзүп, сугат айдоо жери-178 гектар, жеке курулуштар-42 гектар аянтты ээлейт. Жалпысынан 618 адам жашаган 121 кожолук бар.

Бул анклав кантип пайда болгонун хронологиялык тартипте талдап көрөлү. 1936-1955-жылдардагы материалдарда «Барак» (азыркы Кыргыз Республикасынын «Барак» айылы), Шура (азыркы Өзбекстан Республикасынын «Бирляшкан» колхозу) калктуу конуштарынын аймагы жана Савай совхозу болуп аталып, 2014 га аянты менен (азыркы Өзбекстан Республикасынын «Савай» совхозу) Кыргыз Республикасына караган жер экендигинин далили болуп саналат.

Мамлекеттик Геонадзордун 1943-жылдагы 1:100000 масштабдагы нөөмөт карталары боюнча 1955-жылга чейин мамлекеттик чек ара сызыгынын схемасы төмөнкүдөй болгон: биринчиден, Шарихан-Сай дарыясынын оң жээгинде, андан кийин, Кара-Суу шаарынан түштүк тараптан чыгып, шаардын батыш чектерине жакындайт.

Көрсөтүлгөн чекиттен 600 метр аралыкта түштүк-батыш тарапка бурулуп, Савай каналына чыгып, Савай совхозунун жерлерин Кыргыз ССРинин аймагына калтырып, Барак

(мурдагы Кызыл-Байрак колхозунун жерлери) айылынын батыш четине келет. Андан ары түштүк-батыш тарапка бурулуп, 1,8 км аралыктагы аты жок арык менен өтүп, Жаңы-Арык (Янги-Арык) арыгына б.а. азыркы чек арага келип такалат.

Мындан тышкары 1955-жылдагы паритеттик комиссиянын материалдарында: «К-43122 жана К-43-110 масштабындагы карталарда тартылган, мамлекеттер аралык чек аранын боюнда жайгашкан, мурдагы «Кызыл-Байрак» колхозунун пайдалануусундагы жерлер, «Бирляшкан» колхозунун пайдалануусундагы жердин бир бөлүгү жана «Савай» совхозунун жер пайдалануусунун бир бөлүгү Кыргыз ССРинин аймагына кириши каралган. 1943-1955-жылдары Өзбек ССРинин жер иштетүүчүлөрдүн жерди башаламан пайдалануусунун натыйжасында тилке пайда болгон. Өзбек ССРинин жер иштетүүчүлөрү «Шоро» кыштагынын («Шура»-азыркы Өзбекстан Республикасынын «Бирляшкан» колхозу) жерлерин өзүм билемдик менен өздөштүрүп алышкан.

1955-жылдын 12-июнундагы кенешмесинин протоколунда N°3 пунктунда Паритеттик комиссиясында "Ворошилов атындагы колхоздун (Кызыл-Байрак колхозу) тилке аркылуу бөлүнүп калган, жер тилкесин жоюу, сууну пайдаланууну жакшыртуу жана «Савай» совхозунун территориясын бир республиканын административдик чек арасынын составына киргизүү максатка ылайыктуу" деп айтылган.

Кыргыз ССРинин чегинде жайгашкан Анжиян областынын Коргон-Төбө (Курган-Тепа) районундагы «Бирляшкан» колхозунун бир бөлүгү Ош областынын Кара-Суу районуна берилсин. Кыргыз ССРинин аймагында жайгашкан 2014 гектар аянттагы «Савай» совхозунун жерлери Өзбек ССРинин курамына берилсин жана ага ылайык жаңы чек ара белгиленсин.

Кара-Суу шаарынан «Савай» совхозунун пахта аянтынан түштүк тарапка, андан ары Савай каналын бойлоп (совхоздун чек арасы) экинчи участогунун батыш жана түштүк-батыш чек арасын бойлоп, Кара-Суу районунун Ворошилов, атындагы колхоздун чеги менен, Байрак айылынан Кашкар-Кыштак айылына баруучу жол менен, Жаңы (Янги) каналына көрсөтүлгөн жол менен, андан ары ал боюнча азыркы талашсыз болуп саналган республикалар аралык чек арага (чек ара сызылган) картадан көчүрмө: 100 000 К-43-122 жана К-42-11 ге барып такалат.

Кийинчерээк Өзбек ССР Министрлер Совети 1955-жылдын 3-августунда «Өзбек ССРи менен Кыргыз ССРинин ортосундагы республикалык чек араны тактоо жөнүндө» № 534 указ кабыл алып, N°3 пунктта төмөнкүдөй айтылган: «Анжиян облусунун Коргон-Төбө (Курган-Тепа) району менен Ош облусунун Кара-Суу районунун ортосундагы чек араны өзгөртүүгө, Анжиян областына Кыргыз ССРинин Ош областынын Кара-Суу районуна», Коргон-Төбө (Курган-Тепа) районунун «Бирляшкан» колхозунун жеринин бир бөлүгүн өткөрүп берүү жолу менен эки республиканын чек арага чектеш колхоздорунун катарлаш, чаар ала же шахмат формасында жайгашкан жерлерин пайдаланууну жоюуга макулдук берүү болгон. Каралган жер тилкелери толук бойдон бир колхоздун же республиканын аймагына өткөрүү маселеси каралган [2]. Бул процесс узака созулган келишимдердин негизинде жүргүзүлгөн.

Өзбек ССРи менен Кыргыз ССРинин ***ортосундагы мамлекеттик чек араны тактоо жана жер маселеси тууралуу талаш-тартыштарды жөнгө салуу боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын 1963-жылдын 7-октябрындагы*** Ош шаарындагы отурумунун протоколунда (№ 2 пунктта) Өзбек ССРинин комиссиясы төмөнкүдөй пикирди билдирди: «Бирляшкан» колхозунун чек арасы боюнча талаштуу маселелер» Кыргыз ССРи менен Өзбек

ССРинин ортосундагы чек араны тактоодо өз алдынча каралсын. Алдыдагы Кемпир-Рават суу сактагычы суу каптап калуусу күтүлгөн жердин бир бөлүгүн компенсациялоого байланыштуу өзүнчө каралсын.

Кыргыз ССРинин комиссиясынын өкүлдөрү төмөндөгүдөй пикирди айтышты: «1955-жылдагы паритеттик комиссиянын чечими Кыргыз ССР Министрлер Совети менен Өзбек ССР Министрлер Совети тарабынан бекитилгендигине байланыштуу, Коргон-Төбө (Курган-Тепа) өндүрүштүк башкармасына караштуу «Бирляшкан» колхозу иш жүзүндө чечиле элек, ал эми бул колхоздордун жерлери закондуу түрдө Кыргыз ССРинин Ош областынын аймагына киргизилген, ал эми Кыргыз ССРинин жерлеринин бир бөлүгү Өзбек ССРинин «Савай» совхозуна берилген. Жогорудагыларга байланыштуу мамлекеттик чек ара жана жер учётторуна тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилди. Бул маселени аягына чейин чечүү керек.

Кийинчерээк Анжиян областтынын аткаруу комитетинин 1971-жылдын 12-мартындагы №8815 токтому менен 492,33 гектар жер Ош областынын Сузак районундагы «Москва» колхозунун карамагынан, Коргон-Төбө (Курган-Тепа) районундагы «Бирляшкан» колхозу тарабынан  өткөрүлүп берилген жердин ордуна берилген. Өзбек ССР Министрлер Советинин 1969-жылдын 28-июлундагы № 354 токтомуна жана Ош облусунун ортосундагы жер-чарбалык маселелерди чечүү боюнча паритеттик комиссиянын протоколуна ылайык чыгарылган. Кыргыз ССРинин Ош областы жана Өзбек ССРинин Анжиян областынын 1969-жылдын 7-декабрындагы жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1971-жылдын 21-январындагы №140 XIII указдарына ылайык Анжияндын Коргон-Төбө (Курган-Тепа) областынын аймагынан 492,33 гектар жер аянты которулган. Жер Өзбек ССРинен Кыргыз ССРинин Ош областынын Сузак районунун составына кирген.

Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1975-жылдын 13-ноябрындагы № 576 указынын тиркемесине ылайык Өзбек ССРи менен Кыргыз ССРинин ортосундагы республикалар аралык чек аранын жер пайдалануу участогу боюнча өзгөртүлгөн бөлүгүнүн анализдөө: Анжиян областынын Коргон-Төбө (Курган-Тепа) районундагы жана Ош областынын Кара-Суу району боюнча төмөндөгүдөй редакцияда жазылган. Республикалык чек аранын өзгөргөн бөлүгүн сыпаттоо үчүн Савай каналындагы азыркы мамлекеттер аралык чек аранын арык менен кесилишкен жери алынган.

Бул чекиттен чек ара Ак-Таш арыгынын оң тарабын бойлоп, узундугу 1880 метр түштүк-батышты көздөй Ак-Таш арыгынын Жанат-Арык арыгына кошулган жерине чейин, андан соң Жанат-Арык арыгынын оң тарабы менен өтөт. Түштүк-батыш тарабынан узундугу 2003 метр болгон арыктын, айылдын жолу менен кесилишкен жерине чейин, андан ары азыркы мамлекеттер аралык чек ара аркылуу өтөт.

Чек аранын сүрөттөлүшү 1:100000  К-43-110 жана К-43-122 масштабындагы топографиялык планшеттердин негизинде жасалган.

Кыргыз ССРинин Ош областынын Кара-Суу районундагы «Коммунизм» колхозунун жер участогунун Өзбек ССРинин аймагына кирген аянты (208 га) республикалык чек аранын өзгөргөндүгүнө байланыштуу чек арасынын аймагын кайрадан тактоо жүргүзүлөт [1, 2, 5, 7].

Кыргыз ССРинин Озбек ССРинин аймагы менен, «Коммунизм» колхозунун кесилишкен жер участогунун чек арасынын башталышы Савай каналынын аты аталбаган арык менен кошулган жеринен башталган. Ушул жерден чек ара аты жок каналдын оң тарабы менен,

агымын бойлой түштүк-батыш багытында узундугу 2240 метрге жетет. Учурдагы республиканын чек арасы, андан ары агым боюнча аты жок арыктын сол тарабы менен 1520 метр узундукта түндүк-батыш багытка бурулуп, азыркы республикалык чек арага дал келет. Андан соң чек ара кескин бурулуп, көрсөтүлгөн аты жок арык боюнча түндүк-чыгыш тарапты көздөй 1280 метр аралыкта Савай каналына кошулганга чейин кетет, бул жерден чек ара агымдын өйдө жагында 1000 метр узундуктагы Савай каналынын оң тарабы менен өтөт жана Кыргыз ССРи менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек аранын өзгөртүлгөн бөлүгүн сыпаттаган баштапкы чекитке жетет.

Кара-Суу райондук жерге жайгаштыруу кызматы 1982-жылы «Кыргызгипрозем» мамлекеттик мекемесинин Оштогу филиалынын адистери жана Өзбек ССРинин Коргон-Төбө (Курган-Тепа) жана Ходжа-Абад облустарынын жерге жайгаштыруу кызматкерлери менен бирдикте 1982-жылы мамлекеттик чек аранын линиясын тактаган. Кара-Суу району менен Өзбек ССРинин Ходжа-Абад, Коргон-Төбө (Курган-Тепа) областтары менен чектеш. Бул материалдар боюнча «Коммунизм» колхозунун «Кызыл-Байрак» тилкесинде законду учетко алынбастан Өзбек ССРи менен сугат жерлерин өз ара алмашуу төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлгөн: Өзбек ССРинин чарбасына «Коммунизм» колхозунан 22 гектар жер тилкеси өткөрүлүп, Өзбек ССРинен «Коммунизм» колхозуна 14,7 гектар алган, б.а. Өзбек ССРинин пайдасына 7,3 гектар сугат айдоо аянттары айырманы түзгөн.

Чек араны тактоодо №1 чекит (К-43-110-Г-г-1, райондун абалы 1993-ж., 1998-ж. бас.) кабыл алынып, Шахрихан-Сай каналынан өтүүчү көпүрөнүн ортосунда жайгашкан. Кара-Суу конушунун түштүк тарабында, 0,38 км аралыкта, 743,7 м бийиктиктен түштүк-түштүк-батыш тарапта, Султан-Абад кыштагында жайгашкан мектептен 0,89 км батыш-түндүк-батыш тарапта орун алган.

Чек ара сызыгы № чекиттен каналдаштырылган Шахрихан-Сай каналы боюнча жалпы батыш багытта Кара-Суу конушунун түндүк-батыш четине (К-43-110-Г-в-2, рельефтин абалы 1993-ж., 1999-ж. бас.), багытын өзгөртөт. Түштүккө карай, Кара-Суу конушунун батыш четин бойлоп, темир жолду кесип өтүп, Кара-Суу Коргон-Төбө (Курган-Тепа) жолуна жакындайт (К-43110-Г-в-4, райондун абалы 1993-ж., 1998-ж.). Багытын батышка өзгөртүп, жогорудагы жол менен өтүп, 3,9 км, түштүктү карай багытын өзгөртүп, арык менен Савай-Берлик, багытынан батыш тарапка өзгөрөт (К-43-110-Г-в-В, райондун абалы 1993-ж., 1999-ж.), Савай-Берлик автожолун бойлой 0,63 км жол астындагы труба аркылуу өтүп, батыш жана түштүк багытын өзгөртөт.

Абадан конушунун түштүк-чыгыш четиндеги, Савай каналынын ортосунда №2 чекит орун алып, Шуро көрүстөнүндө жайгашкан 778,52 м белгиси бар геодезиялык пункту бар бийиктиктен батыштан түштүк-батышты карай 0,92 км аралыкта жайгашкан. Абадан айылындагы мектептен 0,95 км чыгыш тарапта жайгашкан.

№ 2 чекиттен чек ара сызыгы түштүк-түштүк-батыш багытта түз сызык боюнча 0,61 км жүрүп отуруп, каналдын Абадан жана Шверник унаа жолу менен кесилишине чейин жетет. Аны кесип өтүп, каналды бойлой 0,62 км түштүк тарапка бурулганга чейин жетип (К-43-122-В-а-1, жергиликтүү аймактын 2000-жылдагы абалы, 2002-жылдагы маалымат боюнча.), түштүк-чыгышты карай багытын өзгөртөт. Арык менен өтүп, Пахтафронт кыштагы, андан кийин ошол эле багытта кыштактын өтмөгү боюнча анын түштүк-чыгыш учуна, андан ары арык боюнча чыгыш-түштүк-чыгыш багытында 0,48 км өтүп, жалпы түштүк-түштүк-батыш

багытын өзгөртүп, Жаңы-Арыкка (Янги-Арыка) жакындап, Жаңы-Арыкка (Янги-Арыка) менен No 313 чекитке келет. Азыркы мезгилде жогоруда каралган эксклав, анын маселелерин чечүү жана КРдин негизги территориясын менен кошуу, анын мамлекеттер аралык статусун чечүү актуалдуу болуп саналат.  Ошол эле мезгилде батыш Европа мамлекеттеринин ортосундагы, чек ара маселелери боюнча чечимдерди пайдалануу жолдорун тандап алуу, эки мамлекет үчүн да ыңгайлуу деп санайбыз.

Биздин пикир боюнча:

1. Барак эксклавын толук эл аралык мыйзамдар боюнча карап чыгып, анын территориясын башка тең салмактуу жерге алмаштыруу, калкын көчүрүп келүү жагын кароо.

2. Ортодогу тоскоол болуп жаткан жер тилкесине башка жерди алмаштыруу жана Барак эксклавын толук республика менен бириктирүү.

3. Эл аралык нормаларды сактоо менен кошуна мамлекет аркылуу байланышты жеңилдетүү максатка ылайык деп санайбыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. А. Токсонбаев. “Анклавдар баш оорутчу кез келди.  https://aimak.kg/
2. Сведение по участку «Барак» Ак-Ташской сельской управы Кара-Суйского района Ошской области. Директор Ошского зонального Центра по недвижимости и земельным ресурсам, член межправительственной комиссии по делимитации деморкации кыргызско-узбекской государственной границы. А.Карашев.
3. Кыргызстандын чек аралары. БС Сатыбалдиев. Известия вузов Кыргызстана, 11-14. 2016.
4. Фергана өрөөнүндөгү суу сактагычтардан пайда болгон чек ара маселелери. Сатыбалдиев Байсал Салиевич, Шербаева Зубайда Эрмаматовна, Камчиев Улан Мансурович. Известия вузов Кыргызстана, 32-35. 2018-ж.
5. Аликулов, Б.М. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына ылайык мамлекеттин аймагынын укуктук режими / Б. М. Аликулов // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 3. – P. 272-278. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_3_272. – EDN: AXSIXZ.
6. Кулдышева, Г., & Мирзакаримов, Ф. (2023). Пограничная безопасность в системе национальной безопасности Кыргызской Республики. *Вестник Ошского государственного университета. Право*, 1(1), 86-96. https://doi.org/10.52754/16948661_2022_1_9. EDN: OAILPA.
7. Тобакалов, Ч.Б. Эки тараптуу Кыргыз-Өзбек мамилелерин өнүктүрүүнүн негизги багыттары (1991-2000 жж) / Ч. Б. Тобакалов // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2020. – No. 1-3. – P. 112-116. – EDN: JNAWDD.